**Педагогика предмети боюнча МАКтын суроолору.**

1. Англис тили сабагында салттуу эмес сабактын фрагментин көрсөтүңүз.
2. Мектепте болуп жаткан терс көрүнүштөрдү атагыла жана аны жоюунун жодорун сунуштагыла.
3. Мугалимдердин жүрүм-турум маданиятын жогорулатуудагы негизги каражаттарды атагыла жана чечмелегиле.
4. Заманбап мектептеги билим берүүнүн учурдагы көйгөйлөрүн атаңыз жана айрым көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун сунуштаңыз.
5. Англис тили сабагында окуучулардын когнитивдик активдүүлүгүн активдештирүү ыкмаларын атагыла жана практикадан мисалдар менен тастыктагыла.
6. Педагогикалык баарлашуу жана анын функциялары. Баарлашуунун стилдерин (авторитардык, демократиялык, либералдык) сүрөттөп бериңиз.
7. Педагогика илиминин предмети, милдеттери, негизги категориялары. К.Д.Ушинскийдин «Педагогика – бул илим гана эмес, тарбия берүү искусствосу» деген сөзүнүн маанисин кеңейтиңиз. Сиз бул түшүнүккө макулсузбу?
8. Мугалимдик чеберчиликтин структурасы жана негизги мүнөздөмөлөрү. Педагогикалык чеберчиликти калыптандыруу үчүн англис тили мугалими кандай кесиптик сапаттарга ээ болушу керек?
9. Мектепте параметрдик анализди жүргүзүүнүн методикасын сүрөттөп бериңиз.
10. А.С. Макаренко жана Л.И. Уманскийдин коллективти калыптандыруу боюнча этаптарын салыштыргыла.
11. Азыркы этаптагы дидактиканын милдеттерин жана маселелерин сүрөттөп бергиле.
12. Өзүн-өзү тарбиялоо жана кайра тарбиялоо. Негизги каражаттар жана методдор. Жашооңуздун негизги эрежелерин атаңыз. Сиз дайыма эле аларды жетектей аласызбы?
13. Педагогикалык процесстин негизги функцияларын мүнөздөгүлө.
14. Кайра жаралуу доорунундагы улуу чех педагогунун ишмердүүлүгүн, тарбиялоо жана окутуунун бирдиктүүлүк идеяларын эске алуу менен сүрөттөп бериңиз.
15. Окутууну уюштуруунун формаларын мүнөздөп бериңиз.
16. Кыргыз этнопедагогикасынын милдеттери жана негизги каражаттары. Макал-лакаптардын тарбиядагы ордун мисалдар аркылуу чечмелеңиз.
17. Мектептеги билим берүүнүн сапатын баалоонун заманбап системасы: диагностикалык, формативдүү жана суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо. Англис тили сабагынын мисалында суммативдик баалоону сүрөттөп бериңиз.
18. Тарбиялоонун спартандык жана афиналык системаларынын өзгөчүлүктөрүнө мүнөздөмө бериңиз?
19. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын башкаруунун негизги функцияларын, принциптерин жана ыкмаларын чечмелеп бериңиз. Мектеп директорунун ишмердүүлүгүнүн мисалында мектепти башкаруу системасынын деңгээлдеринин структурасын мүнөздөңүз.
20. «Компетенттүүлү» түшүнүгүнүн маңызын ачып бериңиз. Заманбап мугалим үчүн бул эмнени билдирет? Мисалдар менен негиздеңиз.
21. Билим берүүнүн мазмуну. Билим берүүнүн мазмунун чагылдырган документтер. Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын максаттарын, түзүмүн жана мазмунун талдаңыз.

22. Кызматташтык педагогикасы, негизги максаттары жана милдеттери. Жаңычыл мугалимдердин негизги идеяларын ачып бериңиз.
23. К.Д. Ушинский – орус педагогикасынын негиздөөчүсү. К.Д.Ушинскийдин тарбиянын элдүүлүк идеясын чечмелеп бериңиз.
24. Мугалимдик кесиптин маңызын жана өзгөчөлүктөрүн, мугалимдин функцияларын, укуктарын жана милдеттерин ачып бериңиз. КРдин "Мугалимдердин статусу жөнүндөгү" мыйзамын кароо.
25. В.А.Сухомлинскийдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү («Балдарга жүрөгүм садага», «Мугалимге 100 кеңеш»); Ата-энелерди педагогикалык жактан агартуунун негизги формаларын мүнөздөп бергиле.
26. Коллектив жөнүндө түшүнүк, анын белгилери жана негизги функциялары
27. Окутуунун методдору, алардын классификациясы. Окутуунун интерактивдүү методдору. Белгилүү бир окутуу методун колдонуу практикаңыздан мисал келтириңиз.
28. Инсан жөнүндө түшүнүк, инсандын өнүгүшүнүн жана калыптанышынын негизги факторлорунун мүнөздөмөсү (тукум куучулук, чөйрө жана тарбия). Инсандын калыптанышына айлана-чөйрөнүн тийгизген таасирин мисалдарды келтирүү менен чечмелеңиз.
29. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы. Башкаруунун мамлекеттик-коомдук мүнөзү (диверсификация жана мамлекеттен ажыратуу). Кыргыз Республикасындагы билим берүү проблемасын түшүндүрүңүз.
30. Коррекциялык педагогиканын максаты, милдеттери жана негизги категориялары (сурдо-, тифло-, жана олигрофренопедагогика, логопедия).

31. «Мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясына» жалпы баяндама жасаңыз. Тарбиялык иш-чаралардын негизги параметрлерин тизмектеңиз. Бул концепцияны ишке ашыруунун негизги жолдорун ачып бериңиз.
32. Окуучулардын илимий дүйнө таанымын калыптандыруу, дүйнө таанымынын түзүлүшү, түрлөрү жана функциялары.
33. Акыл тарбиясынын мазмуну, методдору жана каражаттары. Акыл тарбиясынын төмөнкү милдеттеринин маанисин ачып бериңиз: курчап турган дүйнөгө, билимге жана өзүнө карата эмоционалдык жана баалуулукка негизделген мамилени калыптандыруу.
34. Мектептеги башкаруучулук системасынын баскычтарынын структурасы. Мектептеги башкаруучулук системасынын 2-деңгээлинин функционалдык милдеттерин сүрөттөп бергиле.
35. Мектептеги дене тарбиясы, негизги методдору, каражаттары жана формалары. Спартандык тарбиялоо системасынын негизги принциптерин ачып бериңиз.
36. Я.А.Коменскийдин «Улуу дидактика» эмгеги боюнча кыскача маалымат бериңиз.
37. Мектептеги салттуу эмес сабактар. Англис тили сабагында салттуу эмес сабактын фрагментин көрсөтүңүз.
38. Педагогикада личностко - багытталган окутуу кандай мүнөздөлөт?
39. Компетенция деген эмне? Мугалимдин негизги компетенцияларына токтолуңуз.
40. Окутууда компетенттүүлүккө негизделген мамиле деген эмне?
41. Компенсациялоочу жана инклюзивдик билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн талдаңыз.
42. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөп бериңиз.
43. Педагогикалык техниканы жана анын негизги компоненттерин айтып бериңиз.
44. Педагогикалык ишмердүүлүктүн структурасын мүнөздөңүз.
45. Окутуунун дидактикалык принциптерин мүнөздөп бергиле.
46. Сабактын негизги түрлөрүн жана аларга коюлган негизги талаптарды айтып бериңиз.
47. Мектептин методикалык кеңешинин ишинин мазмунун аныктап бериңиз.
48. Инсандын өнүгүшүнө жана калыптанышына таасир этүүчү факторлорду айтып бериңиз.
49. Педагогикалык процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрүн конкреттүү мисалдар аркылуу сүрөттөп бергиле.
50. Мектепте окутуунун интерактивдүү методдору жана аларды колдонуу ыкмалары. Колдонуу ыкмасына жараша окутуу практикасынан мисал келтиргиле.